**«БЕКИТЕМИН»**
**«РМУ» ББМнин ректору**
**м.и.к. М.Ч. Алымкулов**

# ДЕКАНАТ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

# «РОЭЛЬ МЕТРОПОЛИТЕН УНИВЕРСИТЕТИ» БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИ

Бишкек – 2024

**МАЗМУНУ**

1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР
2. ДЕКАНАТТЫН МИЛДЕТТЕРИ
3. ДЕКАНАТТЫН ФУНКЦИЯЛАРЫ
4. УКУКТАРЫ
5. ЖООПКЕРЧИЛИГИ

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1**Бул Жобо «Роэль Метрополитен Университети» билим берүү мекемесинин (мындан ары — ОУ «РМУ») деканатынын ишмердүүлүгүн жөнгө салат жана анын укуктук статусун, максаттарын жана функцияларын аныктайт. Жобо ОУ «РМУнун» сапат менеджменти системасынын иштешин камсыз кылуучу документтердин курамына кирет. Деканаттын негизги милдети студенттердин окуу-тарбия процессин уюштуруу жана башкаруу болуп саналат.

**1.2.**Деканат — окуу-административдик маселелер боюнча проректорго баш ийген ОУ «РМУнун» түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет.

**1.3.**Деканатты түзүү, кайра уюштуруу же жоюу ОУ «РМУнун» ректорунун буйругунун негизинде жүргүзүлөт.

**1.4.**Деканат кызматкерлеринин функционалдык милдеттери ректор тарабынан бекитилген кызматтык нускамалар менен аныкталат.

**1.5.**Деканаттын штаттык курамы ректор тарабынан бекитилген штаттык расписаниеге ылайык түзүлөт.

**1.6.**Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарууда деканат университеттин башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенет.

**1.7.**Деканат университеттин кафедраларынын жана башка бөлүмдөрүнүн окуу, уюштуруу жана административдик иштерин координациялайт.

**1.8.**Бул Жобо ректор тарабынан бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет.

**1.9.**Жобо эки жылда бир жолу кайра каралып чыгууга тийиш. Бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор белгиленген тартипте киргизилет.

**1.10.**Бул Жобого өзгөртүүлөр ректор менен макулдашуу аркылуу кайра кароо мөөнөтүнө чейин жылына бир жолудан ашык эмес киргизилиши мүмкүн.

## 2. ДЕКАНАТТЫН МИЛДЕТТЕРИ

Деканат төмөнкү милдеттерди аткарат:

**2.1.**ОУ «РМУда» студенттердин окуу-тарбия иштерин натыйжалуу уюштурууну камсыз кылат.

**2.2.**Билим берүү жана кесиптик программаларды, окуу пландарын жана окуу дисциплиналарынын программаларын иштеп чыгат жана ишке ашырат.

**2.3.**Окуу процесси боюнча ОУ «РМУнун» кафедраларынын ишин координациялайт.

**2.4.**ОУ «РМУнун» ишмердүүлүгүнүн коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды жүзөгө ашырат.

**2.5.**Деканаттын ишмердүүлүгүнө байланыштуу документтерди жүргүзүүнү камсыз кылат.

## 3. ДЕКАНАТТЫН ФУНКЦИЯЛАРЫ

Коюлган милдеттерге жетүү үчүн деканат төмөнкү функцияларды аткарат:

**3.1.**Деканаттын компетенциясынын чегинде иш кагаздарын жүргүзөт.

**3.2.**Мамлекеттик билим берүү программаларына жана жогорку кесиптик билим берүүнүн стандарттарына ылайык окуу пландарын иштеп чыгууну уюштурат жана көзөмөлдөйт.

**3.3.**Студенттердин контингентин эсепке алат, алардын жетишүүсүн жана сабакка катышуусун көзөмөлдөйт.

**3.4.**Студенттерди кабыл алуу, окууга киргизүү жана бүтүрүү маселелери боюнча кабыл алуу комиссиясы жана мамлекеттик экзамендик комиссиялар менен өз ара аракеттенет.

**3.5.**Окуу процессин жана студенттердин практикасын уюштурууну көзөмөлдөйт.

**3.6.**Окуу модулдарын, зачетторду жана экзамендик сессияларды өткөрүүнү көзөмөлдөйт.

**3.7.**Студенттердин интеллектуалдык, моралдык, чыгармачылык жана физикалык потенциалын өнүктүрүүгө багытталган тарбиялык иштерди уюштурат. Кураторлордун, профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттик өз алдынча башкаруунун ортосундагы натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылат.

**3.8.**Студенттерди мезгил-мезгили менен профилактикалык медициналык кароодон өткөрүү иштерин уюштурат.

**3.9.**Деканаттын ишмердүүлүгү боюнча пландарды жана отчетторду ОУ «РМУнун» жетекчилигине жана жогорку органдарга даярдап тапшырат.

## 4. УКУКТАРЫ

Деканат төмөнкү укуктарга ээ:

**4.1.**ОУ «РМУнун» ишмердүүлүгүнө байланышкан маселелерди талкуулоого, стратегиялык пландаштырууга жана чечүүгө катышууга.

**4.2.**Окуу-административдик иштер боюнча проректордун тапшырмаларын кафедраларга жеткирүүгө.

**4.3.**Өз милдеттерин аткаруу үчүн түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринен жана адистеринен зарыл маалыматтарды жана документтерди талап кылууга.

**4.4.**Аралык аттестациялардын, зачеттук жана экзамендик сессиялардын жыйынтыгы боюнча буйруктарды чыгарууга.

**4.5.**Университеттин администрациясынан деканаттын ишмердүүлүгүн уюштуруу жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну, ошондой эле анын укуктарын жана милдеттерин ишке ашырууга көмөк көрсөтүүнү талап кылууга.

**4.6.**Окуу процессин өркүндөтүү жана студенттерди даярдоонун сапатын жогорулатуу боюнча сунуштарды киргизүүгө.

## 5. ЖООПКЕРЧИЛИГИ

**5.1.**Деканат анын жетекчисинин атынан төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

- жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн;
- жетекчиликтен түшкөн документтерди жана тапшырмаларды өз убагында же сапатсыз аткаргандыгы үчүн;
- деканаттагы жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдөн алынган купуя маалыматтарды ачыкка чыгаргандыгы үчүн;
- кызматкерлердин эмгек тартибин сактабагандыгы үчүн;
- мыйзамдарды, нускамаларды жана буйруктарды бузгандыгы үчүн;
- өнөктөштөр менен болгон мамилелердин начарлашына же ОУ «РМУнун» ишкердик беделине зыян келтирген так эмес маалыматтарды бергендиги үчүн.

**5.2.**Деканат кызматкерлеринин жоопкерчилиги алардын кызматтык нускамалары менен аныкталат.